ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕРИНИН ПАРЛАМЕНТТИК АССАМЛЕЯСЫ

БИЛИМ БЕРҮҮ, МАДАНИЙ, СОЦИАЛДЫК ЖАНА ГУМАНИТАРДЫК МАСЕЛЕЛЕР БОЮНЧА КОМИССИЯСЫНЫН

ОН ЭКИНЧИ ЖЫЙЫНЫ

2025-ЖЫЛДЫН 16-МАЙЫ

ОНЛАЙН

СУНУШТАМАЛАР

“ТүркПАга мүчө мамлекеттерде билим берүү процесстеринин жакындашуусу: көйгөйлөр жана өнүгүү перспективалары”

Парламенттик Ассамблея**:**

Билим берүү тармагы ар бир мамлекеттеги күчтүү, тынч жана туруктуу өнүгүшүнүн негизи экендигин **көңүлгө алып**;

«Түрк дүйнөсүнүн көрүнүшү–2040» стратегиялык документинин билим берүү тармагы боюнча маанилүү милдеттер жана максаттарын ТүркПАга мүчө мамлекеттердин билим берүү тармагындагы кызматташтыгынын негизги жол-картасы экендигин **баса белгилөө менен**;

ТүркПАнын мүчө мамлекеттери ортосунда билим берүү тармагындагы интеграция жана кызматташуу эң маанилүү жана зарыл процесстердин бири экендигин **түшүнүү менен**;

ТүркПАга мүчө мамлекеттер ортосунда билим берүү жаатындагы кызматташтыктын алкагындагы натыйжаларга **оң баа берүү менен**;

Мүчө мамлекеттердин билим берүү жаатындагы кызматташтыкты бекемдөөдө, билим берүү тутумдарынын сапатын жогорулатуу, алардын

туруктуулугун жана заманбап талаптарга ылайыкташуусун камсыз кылуудагы кызматташтагынын негизги ролун **эске алуу менен**;

ТүркПАга мүчө мамлекеттер ортосунда билим берүү жаатында мыйзамдарды шайкеш келтирүү жана укуктук шарттарды бирдейлештирүү боюнча кызматташтыктын көйгөйлөрүн жана келечегин талкуулоонун **зарылдыгын түшүнүү менен;**

ТүркПАнын бардык өлкөлөрүндө билим берүү системаларын унификациялоо максатында биргелешкен билим берүү стандарттарын жана окуу пландарын иштеп чыгуунун өзгөчө **маанисин тастыктоо менен**;

ТүркПАга мүчө мамлекеттер ортосунда билим берүү тармагында кызматташуу бир катар ийгиликтерге карабастан көйгөйлөргө жана кыйынчылыктарга туш болуп жаткандыгын **белгилөө менен**;

ТүркПАнын бардык мүчө мамлекеттеринде бардык адамдардын, анын ичинде жеңилдикке муктаж топтордун билим алуу укугунан бирдей пайдалануусун камсыз кылуучу инклюзивдүү билим берүү ыкмаларын иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун зарылчылыгын **моюндоо менен**,

ТүркПАнын бардык өлкөлөрүндөгү билим берүү кызматкерлеринин жаш муундарга билим жана тарбия берүүдөгү ролун **баалоо менен;**

ТүркПАга мүчө мамлекеттеринин парламенттерине төмөнкүлөрдү сунуш кылат:

a) ТүркПАга мүчө мамлекеттер ортосунда билим берүү жаатында мыйзамдарды шайкеш келтирүү жана укуктук шарттарды *бирдейлештирүү*;
b) «Түрк дүйнөсүнүн көрүнүшү–2040» стратегиялык документинин маанилүү милдеттер жана максаттарын ТүркПА мүчө мамлекеттеринин билим берүү тармагындагы кызматташтыгынын негизги жол-картасы катары *кабыл алуу;*
c) билим берүү жаатындагы кызматташтыкты активдүү ТүркПАнын бардык өлкөлөрү кызматташтыкты жакшыртуусу жана биримдикке жетүүсү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачкан өнүктүрүүнү *улантуу*;
d) ТүркПАга мүчө мамлекеттер ортосунда академиялык байланыштарды чыңдоо, биргелешкен билим берүү институттарын жана программаларын *түзүү*;

e) ТүркПАга мүчө мамлекеттер ортосундагы билим берүү чөйрөсүн жакшыртууга жана өлкөлөр ортосундагы маданий жана илимий байланыштарды чыңдоо үчүн санариптик билим берүүнү жана тил үйрөнүү багыттарын *өнүктүрүү*;

f) ТүркПАнын мүчө мамлекеттеринин биргелешкен билим берүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга багытталган долбоорлорун жана программаларын *колдоо*;

g) Билим берүү реформаларын активдүү жүргүзүү, инфраструктурага инвестиция салуу, окуу процесстерине инновацияларды киргизүү аркылуу студенттер менен мугалимдер үчүн шарттарды жакшыртууга *умтулуу;*

h) Билим берүү тармагынын кызматкерлери өз милдеттерин аткаруусу үчүн тиешелүү шарттарды жана *талаптарды түзүү;*

i) ТүркПАга мүчө мамлекеттердин билим берүү тармагынын кызматкерлерине, анын ичинде билим берүү мекемелеринин мугалимдерине, тажрыйба алмашуунун жана тренингдердин сапаттуу *системасын түзүү.*